1939 КГМИ



1996 КГМА

*Официальный сайт КГМА – www.kgma.kg*

# ДАРЫГЕР

Газета основана 2007 году. № 2 (64) Сентябрь, 2022

## *Жаңы окуу жылына жана тил күнүнө карата куттуктоолор!*




***Урматтуу КММАнын жалпы жамааты, кадырлуу кесиптештерим, кымбаттуу илим-билимге умтулган келечек ээлери – студенттер!***

Сиздерди жаңы 2022-2023-окуу жылынын башталышы менен куттуктайм!

"Билим күнү" биз үчүн салтанаттуу сааттардын, кубанычтуу күндөрдүн уландысы катары сезилет. Кирип келген жаңы окуу жылында баарыңыздарга ийгиликтерди каалайм! Бул окуу жылы бүт бардыгыбызга көптөгөн жагымдуу сезимдер менен жаңы таасирлерди алып келсин!

Ар бир адам өмүр бою ушул эң негизги жана толкундатчу күндү - Билим күнүн - эч качан эсинен чыгарбайт. Дал ушул 1-сентябрда – жаңы жашоо, жаңы максат, жаңы жоопкерчилик, жаңы сезимтуюмдар башталат.

Кымбаттуу студенттер, башкалардан айырмаланып жашоо үчүн ар кандай оор жумуштарды жасабастан, тескерисинче өзүңүздөр тилек кылып, эңсеген кесибиңерди тандап, анын ээси болгону жатасыздар. Демек, сиздер эртеңки жашооңуздарда, өзүңүздөр сүйгөн кесип менен алектенип күн өткөрүү артыкчылыгына эгесиздер.

Ардактуу биздин студенттер алган билимиңерди тереңдетүү менен окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамы Сиздерди илимге, билимге суугарат. Келечектин кесипкөй, мыкты адиси болушуңарга жол көргөзөт. Сиздер мыкты заманбап окуу жайды тандоо менен кесипкөй ар тараптуу адис болуп чыгасыңар, келечегинер жаркын болот деп ишенем, ошону чын дилимден каалайм.

Акырында улуу ойчулдарыбыздын: «Алыс сапарга чыкканда дем алууну ойлонбогон адам, эч качан чарчабайт» деген сөзүн айткым келип турат. Урматтуу студенттер, кымбаттуу менин жаш досторум, бүгүнкү майрамыңыздарды куттуктоо менен, сиздердин эс алуу жөнүндө ойлонбостон, талыкпай билим алышыңыздарды, оюн-күлкүгө тойбой жаштыктын эң сонун доорун эртеңки күнү өкүнүп калбагандай кылып өткөрүшүңүздөрдү каалайм.

**Сиздерди урматтоо менен КММАнын ректору, профессор Индира Кудайбергенова**

## 114-летие академика Исы Коноевича Ахунбаева

Сегодня, 25 сентября 2022 года в Медакадемии Кыргызстана торжественно отметили 114-летие выдающегося хирурга, академика Исы Коноевича Ахунбаева. Проректора вуза и студенты-отличники КГМА возложили цветы к его памятнику перед фасадом главного корпуса вуза.




На торжестве, посвященном светлой памяти видного ученого и государственного деятеля выступили ректорат и коллектив Медакадемии, дочь академика Нелли Ахунбаева и другие.

В ходе торжественного мероприятия также состоялся концерт, подготовленный будущими врачами.

## Окуу иштери боюнча проректор – Кеңешбек Ырысов

Эне тилим эчен кылым карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан. Ар бир эл өзүнүн тили аркылуу гана ата-бабаларынын руху менен байланыша алат. Өз тилин жоготкон эл – ата-бабалардын руху менен болгон байланышын да жоготот. Ата-бабалардын руху менен байланышын жоготкон эл – тарыхын жоготот. Тарыхын жоготкон эл - тамырын жоготот. Тамырын жоготкон эл – анан өзү да акырындап куурап жок болот. Кыргыз тили - "Улуу тил" экендигинде шек жок. Анткени, улуу тил болбосо, ал "Манас" баштаган оозеки чыгармачылыктын 40 томдук үлгүлөрүн жаратканга күч-кубаты жетмек эмес жана көптөгөн дастандардын баарын поэзия тилине салып, сүйлөтө алмак эмес. Андай бийик деңгээлге жетүү үчүн Тил миң жылдык жолдорду басуусу керек. БААРЫҢАРДЫ "КЫРГЫЗ ТИЛИ" МАЙРАМЫ МЕНЕН КУТТУКТАЙМын.

## Илимий жана дарылоо иштери боюнча проректор – Ниязбек Маматов

Эне тили каны-жаныбызга эненин сүтү, бешик ыры, аталардын нуска кептери, чоң аталардын санжырасы, чоң энелердин жомогу, комузубуздун күүсү, кыз-жигиттердин шырылдаңы, бекбекейи менен сиңип келген.

Эне сүтү менен кошо жаралган эне тилибизди кастарлаганда гана биз улуттук жүзүбүздү, маданиятыбызды, рухубузду, каада-салттарыбызды сактап кала алабыз.

Түптүү элдин, уюткулуу улуттун, өнүккөн өлкөнүн мамлекеттик тили катары улуу тилибиздин учугу узарып, түбөлүгү түз болоруна терең ишенем.

Мамлекеттик тил майрамыбыз кут болсун!

## Эл аралык байланыштар жана стратегиялык өнүктүрүү боюнча проректор – Гульмира Джумалиева

23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнү. Баардык мекендештеримди бүгүнкү «Улуу майрамы» менен чын дилден куттуктап кетмекчимин!

Ооба, улуу майрам деп айтууга толук негиз бар. Анткени ар бир улуттун өзүнүн ыйык өзгөчөлүктөрү болот. Алардын эң башкысы бул –тили. Бүгүн тилин жоготкон эл, эртең элдүүлүгүн жоготот. А элдүүлүгүн жоготкон элде эч качан мамлекеттүүлүк деген түшүнүк болбойт. Башка элдерге сиңип жок болуп кетет. Карт тарыхта жүздөгөн элдердин башка элге сиңип, жок болуп кеткени баарыбызга маалым. Ошонун баары алгач тилин жоготкон, андан соң дилин жоготкон, анан барып элдүүлүгүн жоготкон. Демек тилибизди көздүн карегиндей сактап, улам байытып, өнүктүрүп өстүрүп туруу ар бир Кыргыз атуулунун ыйык милдети!

## Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча проректор – Гүлсүнкан Жунушалиева

«Канча тил билсең, ошончо кишисиң» деген накыл кеп бар. Бул сөздө калет жок. Эң таамай, туура айтылган сөз. Колдон келсе он тил билгенге не жетсин. Бирок ошол он тилди билип туруп, өзүңдүн ЭНЕ-ТИЛИҢДИ билбесең, мындан өткөн кордук, мындан өткөн уят иш жок болсо керек. Андыктан башка тилди да үйрөнөлү, бирок эң башкысы ЭНЕ-ТИЛИБИЗДИ унутпайлы.

Башка тилди билбей кыйналганга караганда, өз эне тилиңди билбей кыйналганың алда канча уят, алда канча кечиримсиз иш болсо керек. Андыктан мындан бүгүнкү ата-энелер, азыркы биздин муун чоң сабак алууга тийиш.

# В КГМА СОСТОЯЛОСЬ ОТКРЫТИЕ БИЗНЕС–ИНКУБАТОРА



Сегодня, 1-сентября 2022 года на базе КГМА им. И. К. Ахунбаева состоялось открытие бизнес-инкубатора.

Сама церемония открытия происходила в ставшем привычным за последние годы в смешанном: онлайн и офлайн формате — по видеосвязи в нём принимали участие Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики Акылбек Жапаров, министр образования и науки Алмазбек Бейшеналиев также 30 высших учебных заведений Кыргызстана.

Красную ленту, натянутую перед входом бизнес-инкубатор перерезали ректор вуза, профессор Индира Кудайбергенова и академик, член корреспондент Миталип Мамытов.

В рамках мероприятия директор бизнес-инкубатора КГМА Фархад Виндиза провел экскурсию по лабораториям КГМА в которых реализуются и поддерживаются start up идеи.

Следует отметить, бизнес-инкубатор создается для стимулирования инновационных идей и поддержки студенческих проектов на всех этапах развития: от разработки идеи до её коммерциализации. Главная цель – это обучение студентов реальным технологиям бизнеса в конкретных сферах (маркетинга, продвижения продукта, методам монетизации бизнеса, рекламы и пр.). Задача бизнес-инкубатора, как центра развития молодежного предпринимательства – помочь сформировать начинающим предпринимателям из числа студентов, выпускников, молодых специалистов навыки по развитию своей бизнес-концепции, превращению ее в полноценный бизнес-проект.

# КММАДА SMART4 ТВ ДОЛБООРУ МЕНЕН ТААНЫШУУ БОЛУП ӨТТҮ

2022-жылдын 6-сентябрында И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын имаратында Smart4 ТВ долбоору менен таанышуу болуп өттү.

Иш-чарага университеттин эл аралык байланыштар жана стратегиялык өнүгүү боюнча проректору, профессор Гүлмира Жумалиева катышты.

Иш-чаранын жүрүшүндө KNCVC өкүлү Бакыт Мырзалиев катышуучуларга кургак учук боюнча изилдөөлөрдү тездетүү, колдоо жана мобилизациялоо тууралуу айтып берди. Кыргызстанда KNCV жана KNCV kg уюмдарынын уюштурулушуна сереп салуу боюнча KNCV kg КФнын директору Муратбек Ахматов, ошондой эле Улуттук фтизиатрия борборунун директорунун орун басары Атыркүл Токтогонова сөз сүйлөдү.

Иш-чаранын катышуучулары университеттин кафедраларынын өкүлдөрү.

# МЕДАКАДЕМИЯ ПОДПИСАЛА СОГЛАШЕНИЕ С INOVIEM SCIENTIFIC



В КГМА им.И.К.Ахунбаева прибыл проф. Пьер ЭФТЕХАРИ, президент и главный научный сотрудник лаборатории INOVIEM, а также Д-р Лина БАРРЕТ, менеджер по развитию анализа лаборатории Иновием из Франции. INOVIEM SCIENTIFIC это биотехнологическая компания, предоставляющая экспертные услуги по исследованию лекарств.

Основная цель визита работа в Кыргызско-Европейской лаборатории трансляционной медицины (КЕЛТМ). Исследования будут проводиться в рамках метаболически ассоциированной жировой болезни печени у населения Кыргызстана в условиях низкого и высокогорья.

INOVIEM SCIENTIFIC согласились обучить и передать технологию определения энергоемкостей крови или тканей, основанную на колебаниях органической энергии, измеряемой люминесценцией, и помочь создать Кыргызско-Европейскую лабораторию трансляционной медицины (КЕЛТМ) в КГМА.

Ректор вуза, профессор И.Кудайбергенова поприветствовала гостей и отметила важность проведения таких исследований для Кыргызстана. проф. Пьер ЭФТЕХАРИ также отметил, что данный проект был запланирован на следующий год, но удалось его начать раньше, и что именно данный проект самый важный и надеется получить хорошие результаты. Всю неделю он будет работать в лаборатории и учить наших сотрудников.

КГМА подписала соглашение с INOVIEM SCIENTIFIC, в рамках которого будет выделен грант на ежегодной основе для выполнения лабораторных работ и продвижения науки на протяжении 5 лет.

# КММАНЫН АЛДЫНДАГЫ ЛИЦЕЙДЕ 1-СЕНТЯБРЬ “БИЛИМ КҮНҮ” БЕЛГИЛЕНДИ

Биздин өлкөдө жыл сайын "1-сентябрь" "Билим күнү" катары белгиленет. Бул майрамдын аты күз мезгилинин биринчи күнү, Кыргызстандагы орто жана жогорку окуу жайларынын окуу жылынын башталышына ылайык аталып калган.



Билим күнү бул - бардык окуучулардын, студенттердин, алардын ата-энелеринин, мугалимдердин жана окутуучулардын майрамы.

Салтка ылайык билим күнү И.К. Ахунбаев атындагы КММАнын алдындагы лицейде да болуп өттү. Салтанаттуу иш-чаранын жүрүшүндө мамлекеттик тил жана тарбия иштер боюнча проректору Гүлсүнкан Жунушалиева жана лицейдин директору Толкунбек Байматов куттуктоо сөзүн сүйлөштү, андан кийин майрамдык концерт коюлду.

# ПОДПИСАН МЕМОРАНДУМ С УНИВЕРСИТЕТОМ ФУРТВАНГЕН И С ИНСТИТУТОМ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИССЛЕДОВАНИЙ БХАРАТА



16-сентября сего года в стенах Кыргызской государственной медицинской академии им.И.К.Ахунбаева состоялся круглый стол с участием университета прикладных наук Фуртванген Филлинген-Швеннинген, университета Хайдельберга также института высшего образования и исследований Бхарата, Тамиланд, Индия с целью обсуждения вопросов сотрудничества дуальных программ в области медицинской инженерии. В ходе работы круглого стола участникам была представлена презентация проректора по МСиСР, профессора Гульмиры Джумалиевой.

Затем, с презентациями выступили профессор Герд Хаймерль, доктор инженерных наук Андреас Дитц, доктор Казакбаев Илиазбек в своей презентации рассказал о передовых технологиях в области перфузиологии. Также, представил презентацию доктор Венкатеш Бабу Ранганатан из Института высшего образования и исследований Бхарата. Следует отметить, что между КГМА и университетом Фуртванген был подписан меморандум о сотрудничестве, также был подписан меморандум с институтом высшего образования и исследований Бхарата, Тамиланд, Индия.

# ЗАВЕДУЮЩИЙ КАФЕДРОЙ КГМА УЧАСТВОВАЛ В КОНГРЕССЕ ЕВРОПЕЙСКОГО ОБЩЕСТВА КАРДИОЛОГОВ



26 – 29 августа 2022 года в Испанском городе Барселона прошел первый после пандемии, гибридный Конгресс Европейского Общества Кардиологов. В конгресса в режиме офлайн приняло участие около 20000 участников и онлайн режиме – около 10000 участников.

В ходе работы конгресса в качестве председателя научной сессии Артериальная Гипертония - Фармакотерапия принял участие заведующий кафедрой факультетской терапии Э.М.Миррахимов. Он также представил на конгрессе стенд Кыргызского Общества Кардиологов, где знакомил с научными исследованиями, проводимых Кыргызскими учеными, в том числе кафедрой факультетской терапии Кыргызской Государственной Медицинской Академии им. И.К.Ахунбаева в области кардиологии.

Следует отметить, стенд Кыргызского Общества Кардиологов привлек большой интерес у делегатов Конгресса

# БАТКЕН ЭЛИНЕ ЖАРДАМ!

Кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасындагы окуядан жабыркаган Баткен районунун тургундарына жардам көрсөтүү үчүн И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын кызматкерлери бир күндүк эмгек акысынан 1 млн 870 миң сомду бирдиктүү эсепке которуп берди.

Ал эми, бүгүнкү күндө чек арага жакын жайгашкан айылдардан келген 180 адам КММАнын жатаканасы жана кампусуна жайгаштырылып, тамак-аш жана бардык кем каржыларын камсыздоо менен бирге медициналык жардам да көрсөтүүдө.

Белгилей кетсек, Бишкек шаарынын тургундары да колдорунан келген жардамдарын берүүдө.

Медициналык академиянын жамааты кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасына куралдуу кол салуудан каза болгондордун жана жабыркагандардын жакындарына көңүл айтат. Жабыркаган мекендештерибиздин тезирээк сакайып кетишин, асманыбыз тынч, элибизге бакубатчылык каалайбыз.

# В МЕДИЦИНСКОМ ЦЕНТРЕ КГМА ПРОВЕЛИ ОПЕРАЦИЮ «РАСШИРЕНИЕ ВЕРХНЕЙ ЧЕЛЮСТИ С УСТАНОВКОЙ ДИСТРАКЦИОННОГО АППАРАТА»

В ОТДЕЛЕНИи КЛИНИЧЕСКОЙ СТОМАТОЛОГИИ И ЧЕЛЮСТНО-ЛИЦЕВОЙ ХИРУРГИИ Медицинского центра КГМА проводятся разного рода операции. И одна из таких операций «Расширение верхней челюсти с установкой дистракционного аппарата».

На примере ортогнатических операций можно увидеть, что часто за правильный прикус пациента, его хорошее самочувствие и гармоничные черты лица борются двое – ортодонт и челюстно-лицевой хирург.

Дистрактор, дистракционный аппарат – это механическое устройство из медицинского титана, предназначенное для постепенного, измеримого и контролируемого растягивания лицевых костей черепа.



Признаком правильно проведенной операции становится появление диастемы – щели между передними зубами.

После окончания активации аппарат остается в ротовой полости еще как минимум на три месяца – время, необходимое для полного формирования расширенной челюсти пациента. Как только дистракционный аппарат удален, можно приступать к выравниванию зубов при помощи брекет-систем или ортодонтических кап. И впоследствии, если требуется, – к проведению ортогнатической операции.

Операцию провело Цой Андрей Рудольфович- зав.отделением клинической стоматологии и челюстно-лицевой хирургии, Касымов Раван Мырзаханович- челюстно-лицевой хирург.

## КММАнын Республикалык дартты аныктоо борборунда көчмө медициналык комплекс – Маммография орноштурулду

И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын Республикалык дартты аныктоо борборунда көчмө медициналык комплекс – Маммография орноштурулду.

Маммография аппараты залалдуу шишиктерди эрте аныктоого багытталган.




Орточо алганда, мобилдик маммографиялык кабинетте изилдөө 8-12 мүнөткө созулат. 40 жаштан 50 жашка чейинки аялдар кеминде эки жылда бир маммографиядан өтүшү керек. 50 жаштан ашкан аялдар, ошондой эле айрым өнөкөт оорулары барлар жыл сайын текшерүүдөн өтүшү керек. 40 жашка чейинки аялдар үчүн маммография көрсөтүлгөн учурда гана жүргүзүлөт.

***В Республиканском диагностическом центре КГМА установили передвижной медицинский комплекс – Маммография. Маммография направлена на раннее выявление злокачественных новообразований и повышение онконастороженности у женщин.***

***В среднем исследование в передвижном маммографическом кабинете занимает 8-12 минут.***

***Проходить маммографию женщины в возрасте от 40 до 50 лет должны не реже одного раза в два года.***

***Обследоваться ежегодно необходимо женщинам старше 50 лет, а также тем, кто имеет определённые хронические заболевания.***

***Женщинам же до 40 лет маммография проводится только при наличии показаний.***

# ЛЕЧЕНИЕ ЛАЗЕРОМ

Лечение лазером показано при более чем сотне заболеваний и патологий.

Лазер запускает активный процесс для улучшения микроциркуляции, необходимый для борьбы с самыми разными суставными заболеваниями и патологиями.

Также он улучшает обмен веществ в хрящевых и костных тканях.

Именно поэтому методика позволяет добиваться удивительных результатов в лечении, избежать хирургического вмешательства и различных осложнений и забыть о заболевании на 5-10 лет (для болезней суставов в 1 и 2 стадии).

Врач может выставить необходимые параметры процедуры, контролировать силу, длительность и область воздействия. Самое главное процедура безболезненная и не травматичная и цена у нас доступная.

## Показания к лечению лазером

* Заболевания позвоночника.
* Суставные патологии, травмы, повреждения и др.
* Метод используется для устранения дегенеративно-дистрофических изменений и воспалительных процессов.
* Лазер уменьшает количество микротрещин при деформирующем артрозе, восстанавливает нервную проходимость, выводит «лишний» кальций из организма.
* Отеки и болевой синдром.
* Гипертония, ишемическая болезнь, склонность к образованию тромбов, атеросклероз, заражение крови и другие сердечно-сосудистые заболевания.
* Аллергические реакции.
* Воспалительные процессы даже в острой форме независимо от причины.
* Перенесенные операции – процедура проводится с целью профилактики осложнений и развития воспалительных процессов.
* Заболевания нервной системы.
* Заболевания эндокринной системы.
* Заболевания органов дыхания.
* Гинекологические заболевания.
* Дерматологические заболевания.
* Ожоги, травмы и раны, которые не проходят уже длительное время, переломы.

Приходите на лазерное лечение в наш центр.

## НАШИ КОНТАКТЫ

0(312) 43-54-23, 0500435423, 0550435423, 0777435423
www.kgma.kg
График работы Республиканского диагностического центра: пн-пт: 8:00-16:00, сб: 8:00-13:00
Ждем Вас по адресу Киевская 27/1

# КЫРГЫЗДЫН БАКТЫСЫНА ЖАРАЛЫП, МИҢДЕГЕН АДАМДАР ДАБА ТАПКАН ГЕНИАЛДУУ ХИРУРГ ИСА АХУНБАЕВ ТУУРАЛУУ КЫЗЫКТУУ СЕГИЗ ФАКТЫ




### МЕКТЕПКЕ 15 ЖАШЫНДА БАРГАН

Ахунбаев Иса Коноевич 1908-жылы 25-сентябрда Ысык-Көл облусунун Тору-Айгыр айылында жарык дүйнөгө келген.

1916-жылдагы Үркүндө ата-энеси менен Кытайга качып, башынан далай оор күндөрдү өткөргөн. Ысык-Көлгө 15 жашында кайтып келгенден кийин партага отурган.

Мектепте окуу үчүн 20 чакырым алыстыкты жөө басып, Тору-Айгырдан Балыкчы шаарына келип турган. Ал эле эмес, 1925-жылы куржунун артып алып Балыкчыдан Бишкекке жөө келет.

### 7 ЖЫЛДАН КИЙИНКИ РЕКТОРЛУК

1930-жылы Медициналык техникумду бүткөндөн кийин Ташкенттеги Орто Азия университетине тапшырган.


1936-жылы Фрунзе шаардык бейтапканасынын хирургия бөлүмүнө жумушка орношкон.

1941-жылы сентябрда Ахунбаев Кыргыз мамлекеттик медициналык институтта иштей баштаган. Алгач хирургия кафедрасында ассистент, андан соң доцент, кийин кафедранын жетекчилигине чейин көтөрүлгөн. Жети жылдан кийин Ахунбаев институттун ректору жана профессору болгон.

### ЖҮРӨККӨ БИРИНЧИ ЖОЛУ ОПЕРАЦИЯ ЖАСАГАН!

1959-жылы Ахунбаев Орто Азияда алгачкы жолу жүрөккө операция жасап, тарыхта аты калган. Муну менен кыргыз кардиологдору азыркыга чейин сыймыктанып келет.

Ал Кыргызстанда медицина илимин өнүктүрүүдө жана жергиликтүү медициналык кадрларды тарбиялап чыгарууда чоң роль ойногон.




Илимий изилдөөлөрү негизинен балдардын сокур ичегисине, эндемиялык богок, эхинококкоз, шок жана жүрөк ооруларына арналган.

Анын демилгеси менен Республикалык клиникалык ооруканада көкүрөк хирургия бөлүмү уюштурулган.

### САЯСАТЧЫ ХИРУРГ

СССР Жогорку Советинин 2-4 шайланышынын жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин 5-6 шайланышынын депутаты болгон. Дал ушул кызматта турганда алган каражаттарынын баарын Москвада окуган кыргызстандык студенттерге берчү экен. Демек, Иса Ахунбаев Кыргызстандын келечеги жөнүндө терең ойлонгон.



### АХУНБАЙКА ЭМЕС – АХУНБАЕВ КӨЧӨСҮ

Бишкек шаарынын жана Тору-Айгыр айылынын борбордук көчөлөрүнө, Республикалык госпиталдын хирургия клиникасына анын ысымы ыйгарылган.

2008-жылы экс-президент Курманбек Бакиевдин Жарлыгы менен Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына ысымы берилген. 2009-жылы Академиянын алдында эстелиги ачылган.

### ӨЗҮНӨ-ӨЗҮ ОПЕРАЦИЯ ЖАСАГАН ДЕГЕН КЕП БАР

Иса Ахунбаев менен бирге жүргөндөрдүн айтымында ал жайлоого эс алганы барып, сокур ичеги болуп калат. Жанында бир да доктур жок болот. Ошондо чабандарга бычактарды кайнаттырып, өзүнө-өзү операция жасаган деген кеп эл арасында айтылып келет.

### ДОКТУРЛАРДЫН ДИНАСТИЯСЫ

Жубайы да медицина кызматкери болгон. Ортодо беш баланы тарбиялашкан. Улуусу Мустафа Опера жана балет театрынын башкы режиссеру болуп эмгектенсе, кызы Нэля менен Медер атасынын жолун улантпкан.

Учурда неберелери Сталбек – онколог, Алмаз – хирург, Жибек – уролог болуп иштейт.

### КАРГАШАЛУУ ӨЛҮМ

1975-жылы хирургду "улутчул" деп күнөөлөө күчүндө турган кезинде автокырсыкка кабылып, аны менен чогуу жубайы, кызы жана күйөө баласы көз жумган.

Эл арасында бул кырсыкты улуу инсанды өлтүрүү үчүн атайын уюштурулган деп айтып келишет.

Ал кыргыз медицинасы, дегеле медицинадагы киргизген жаңылыктары, ат көтөргүс эмгектери үчүн Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы, Эл достугу, "Ардак Белгиси" ордендери жана бир топ медалдар менен сыйланган.



## ЖҮРӨКТҮН ЖҮРҮШҮ БУЗУЛБАЙТ

Митралдык клапанга протездөө
жүргүзүп
Жаңылыкты дагы салдык билгизип
Талкуулоону токтотпостон уладым,
Толгон жакшы сунуштарды киргизип.
Абайладым, сактыктарды кармандым,
Албас үчүн өмүр деген гүлдү үзүп.

Ыйык, назик орган менен иштөөдө,
Чебердиктин чебердигин сактадым.
Окуп, иштеп үйрөнүүнү улантып,
Ойдогудай тынчып уктап жатпадым.
Эч убакта чарчоо деген билбестен,
Элим сунган ишенимди актадым.

Назик жүрөк дефектисин бүтүрүп,
Жакшылыкты турам дайым күтүнүп.
Эмгек кылам эч убакта талыкпай,
Элге деген милдетимди түшүнүп.
Табийгаттын колго берген талантын,
Таза кармап койгонум жок түшүрүп.

**Академик, профессор Карачал КУРМАНБАЕВ (Малакан)**

# АКАДЕМИК МАМБЕТ МАМАКЕЕВДИН 95 ЖЫЛДЫГЫНА АРНОО!



Мамакеев Мамбет Мамакеевич родился 1 октября 1927 года в с. Кереге-Таш, Ак-Суйского района, Иссык-Кульской области Киргизии в крестьянской семье.

В Киргизский Государственный медицинский институт (КГМИ) Мамбет Мамакеевич поступил в 1946 году.

В 1952 году окончил лечебный факультет Кыргызского Государственного медицинского института.

В 1953 году профессор М. Е. Фридман – основатель интеллектуального подхода к неотложной хирургии в Кыргызстане – предложил Мамбету Мамакеевичу обучение в клинической ординатуре на кафедре госпитальной хирургии.

М. Е. Фридман своим личным примером прекрасного хирурга, учёного, педагога и просто обаятельного человека сыграл большую роль в становлении многих молодых хирургов. Поэтому не случайно, выбирая специальность, М. М. Мамакеев остановился на неотложной хирургии и на десятилетия сохранил преданность идеям и традициям учителя[5]. Свою трудовую деятельность М. М. Мамакеев начал в 1952 году в качестве врача-ординатора в клинике неотложной хирургии, в последующем закончил клиническую ординатуру.

Основные вехи трудового пути:

1955–1957 гг. – аспирантура КГМИ;

1958 г. – защита кандидатской диссертации на тему: «Топографоанатомическое обоснование пересадки почки на подчревные сосуды»];

1957–1962 гг. – ассистент кафедры госпитальной хирургии КГМИ;

1962–1972 гг. – доцент кафедры госпитальной хирургии КГМИ.

В середине 60-х годов доцент М. М. Мамакеев взялся за написание докторской диссертации. Посоветовавшись со своим научным руководителем Максимом Ефимовичем Фридманом, они пришли к выводу, что необходимо разрабатывать вопросы диагностики и лечения острого холецистита и осложненной желчнокаменной болезни.

1970 г. – защита докторской диссертации на тему: «Хирургическое лечение острого холецистита и осложненной желчнокаменной болезни»;

1972–1974 гг. – профессор кафедры госпитальной хирургии КГМИ;

1974–2003 гг. – заведующий кафедрой госпитальной хирургии Кыргызской Государственной медицинской академии им. И. К. Ахунбаева.

С этого момента начинается новый этап не только в жизни Мамбета Мамакеевича, но в целом в развитии неотложной хирургии в Кыргызстане. По сути, начинает создаваться школа общих и неотложных хирургов Кыргызстана.

В этот период наиболее ярко проявляется его талант – блестящего учёного и хирурга, организатора-педагога. Под его руководством проводится ряд прогрессивных реформ, значительно улучшающих педагогический процесс, подготовку кадров врачей в субординатуре и интернатуре по хирургии, вводится двухгодичная специализация, изменяются учебные планы, что позволяет затем успешно решить проблему повышения квалификации общих и неотложных хирургов Кыргызстана.

Успехи молодого профессора и заведующего кафедрой госпитальной хирургии были по достоинству оценены в Кыргызстане. Так в 1973 году он получил высокое звание "Заслуженного врача Киргизской ССР", а в 1987 году – «Заслуженного деятеля науки Киргизской ССР».

В 1989 году Мамбет Мамакеевич избирается членом-корреспондентом Национальной Академии наук Кыргызстана, а 1993 году – действительным членом Национальной Академии наук Кыргызской Республики, в 1995 году – действительным членом Академии медицинских наук Казахстана.

В 1998 году ему присуждена Государственная Премия Кыргызской Республики в области науки и новых технологий.

В 2004 году М. М. Мамакееву было присвоено Высшее Звание Кыргызской Республики – Кыргыз Республикасынын Баатыры «Ак Шумкар».

- с 1976 года по настоящее время является Президентом Ассоциации хирургических обществ Кыргызской Республики;
- с 1991 года и по настоящее время – председатель Диссертационного специализированного совета по хирургии Национальной аттестационной комиссии КР;
- 1993 г. – почётный член Президиума Международной Ассоциации хирургических обществ им. Н. И. Пирогова;
- 1993 г. – член Российской Ассоциации хирургов-эндоскопистов;
- с декабря 1996 года и по настоящее время – директор Национального хирургического центра Министерства здравоохранения КР;
- с 1997 года и по настоящее время – главный редактор научно-практического журнала «Хирургия Кыргызстана»;
- 1999 г. – член Международной ассоциации хирургов (Швейцария);
- 1999 г. – член Всемирной Ассоциации хирургов, гастроэнтерологов и онкологов (Греция);
- В 2021 г. получил Диплом Книги рекордов Гиннеса как наиболее долго практикующий хирург 67 лет и 181 день

Помимо профессиональной научно-медицинской деятельности М. М. Мамакеев неоднократно избирался:

- депутатом Фрунзенского городского совета депутатов;
- депутатом Верховного Совета Кыргызской ССР четырёх созывов;
- депутатом Жогорку Кенеша Кыргызской Республики двух созывов.

Под руководством Мамакеева М. М. подготовлено 11 докторов и 23 кандидата медицинских наук. За свою более чем пятидесятилетнюю трудовую деятельность Мамакеев М. М. произвел более 15 тысяч оперативных вмешательств, им было проконсультировано и пролечено около 100 тысяч наиболее тяжелых больных с различной хирургической патологией, им разработан и внедрен в Кыргызстане ряд новых и высокоэффективных методов лечения хирургических больных[5].

Мамакеев М. М. создал в Кыргызстане национальную хирургическую школу, представители которой успешно трудятся во всех уголках нашей республики, в Европе, США, Израиле, Узбекистане, Казахстане и России.

Биография М. М. Мамакеева – это не только его личная биография, это биография его времени, его современников, его научной и хирургической школы, это, наконец, биография становления Кыргызстана как суверенного государства.

Военное детство, неимоверные трудности послевоенного образования и предрассудки в формировании национальных кадров в те годы сформировали у него мировоззрение бойца за социальную справедливость, непримиримость с фальшью и двуликостью, а также с условностями кыргызского национального бытия.

Его главным делом жизни была, есть и будет хирургия, она есть то «вечное, доброе и разумное» в его многогранной деятельности.

Кыргыз Республикасынын Баатыры, академик Мамбет Мамакеевич Мамакеев 95 жашка чыкты. Бул кадырман аксакал кыргыз эли үчүн символикалуу фигура экендигинде шек жок, биздин өлкөнүн тарыхында феномен – инсан десек болот.

Образдуу айтканда ал биздин өлкөнүн алыскы жана жакынкы тарыхынын, тарыхый чоң кесеги десек болот. Бул инсан XX жана XXI кылымдын чегиндеги Кыргызстандын тарыхында Кыргыз Республикасынын Баатыры катары жарык жана бийик инсандардан болуп кала берет.

1-октябрда 95 жашка толду! Ошого байланыштуу баарыбыз тегиз сыйлаган адамга эки ооз сөз куттуктообузду билдирип коёюн дедим!!!

Урматтуу Мамбет ава, Сиз деген чанда жаралуучу Улуу инсансыз.

Сиз деген Дамаски кылычындай курч, чындыкты тике качырган, эч нерседен жалтанбаган, накта баатыр адамсыз. Сиз деген тээ илгери Ак-Суунун Кереге-Ташынан ач жылаңач келип, бүгүн кыргыз калкы мисалдатчу Улуу инсанына айландыңыз.

Кезегинде кыргыз медицинасын бийлеп турган еврейлердин «тепкисин» жакшы эле жегенсиз, бирок аларды жигиттигиңиз менен, иштин көзүн билгендигиңиз менен, кайратыңыз, таймanбастыгыңыз, өжөрлүгүңүз менен, акыры келип адамкерчилигиңиз менен жеңип чыккансыз.

Сиздин курчтугуңуз менен айкөлдүгүңүз жуурулуша келип баарыбыз мисалдата айтып суктанчуу кадырман инсан болдуңуз; сиз отуз беш миңден ашык операция жасап, ошончо оорулуунун өмүрүн сактап, алардын жана жакындарынын жүрөгүнүн түпкүрүнөн чыккан батасына ээ болдуңуз. Сиз калың элдин батасына татыган бирден бир адамсыз.

Сизди дүйнө хирургдары жакшы билет жана сизге суктанып да, таң кала да карашат, анткени бүгүнкү күнгө чейин ийгиликтүү операция жасап келесиз.

Кыргызда жүз жылда бир жаралчуу адамдардын катарындасыз. Сиздин баскан жол, ар бир кыргыз үчүн, анын ичинде ар бир доктор үчүн табылгыс, табылбас көрсөтмө курал. Сизде баары бар, сыйлык да, наам да, байлык да. Сизге элиңиздин сыйы эле керек, Сиз сыныңыздан жазбаңыз элиңиз болсо сыйынан жазбайт!

Сиз 95 жашка чыктыңыз ошондо, азыркы шайланып жаткан бийликтин ээси болсо, Сиз башкарып жаткан хирургия борборуна «Мамбет Мамакеев атындагы улуттук хирургия борбору» деген наам берилет деп ойлойм.

Урматтуу Мамбет ава, оорубаңыз, үй-бүлөңүздүн, биздин, элиңиздин арасында болуп, баарыбызды суктантып көп жашаңыз.

**Мураталиев Артыгалы**
**жогорку даражадагы врач-хирург**

* * *

*2022-жылдын 29-сентябрында Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги Мамбет Мамакеевдин 95 жылдыгына арналган "Урологиянын актуалдуу маселелери" Эл аралык илимий-практикалык конференциясы өтөт.*

*Конференция Кыргыз Республикасынын Урологдор жана Андрологдор Ассоциациясы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталынын, ошондой эле М.М.Мамакеев атындагы Улуттук хирургия борборунун колдоосу менен уюштурулууда.*



# АЛЬВЕОКОККОЗ ООРУСУНАН САКТАНГЫЛА, АЛ – КОРКУНУЧТУУ ДАРТ!


*Раимкулов Курсанбек Мамасалиевич – биология илимдеринин кандидаты, Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын медициналык биология, генетика жана паразитология кафедрасынын окутуучусу жана Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин врач паразитологу.*

***Курсанбек Мамасалиевич, бул оору эмнеси менен өтө коркунучтуу?***

Альвеококкоз личинкасы организмде уулуу заттарды бөлүп чыгаруу менен уландырылып, бул органдардын (боор, өпкө ж.б) ткандарын иштешин начарлатып, кызматын аткара албай калууга дуушар кылат, өтүшүп кеткен учурда ооруларга медицина хирургиялык жол менен гана жардам көрсөтө алат. Оорулуу кеч кайрылгандын кайгысы, кыйынчылыгы аны айыктырууда, операциядан башка айыктыруучу каражаттын жоктугунда. Өз учурунда хирургиялык жардам берилбесе адам өлүмгө учурашы мүмкүн.

***Альвеококкоз оорусун козгоочу мите жөнүндө айтып берсеңиз?***

Ооруну козгоочу – альвеококк тасма сымал мите курту болуп эсептелет. Алардын узундугу 2,7-5,0 миллиметрге жетет. Бул мите курттун өзгөчөлүгү, ал эки циклде өөрчүйт. Альвеококкозунун өрчүшүнүн биринчи стадиясында көбөйүүгө жөндөмдүү жыныстык жактан жетилген түзүлүшкө өтөт да, негизинен иттин ички ичегисинде митечилик менен жашайт.



**Альвеококк куртунун түзүлүшү**

Иттин ичегисинде өсүп жетилип, 70 - 100 күндөн кийин күнүнө иттин заңы менен 800-1000ден жумуртка бөлүп чыгара баштайт. Мите курт иттин ичегисинде 5-6 ай жашайт да, алардын саны бир нече миң даанага жетет. Азыркы убакта жеке эле иттин ичегисинде митечилик кылбастан, 20дан ашуун жырткыч айбанаттардын – карышкыр, түлкү, чөө, сүлөөсүн жана башкалардын ичегисинде митечилик кылаары да белгилүү болду.

Өсүп-өрчүшүнүн экинчи стадиясы – личинка негизинен адамдын органдарында өсүп-өөрчүйт да, ооруну пайда кылат.

***Бул оорунун өөрчүп өнүгүүсү жана адамга болгон зыяндуулугу жөнүндө айтып берсеңиз?***

Жыныстык жактан өсүп жетилген мите курт негизинен оорунун негизги ээси болгон иттин, түлкүнүн, карышкырдын ички ичегисинде митечилик менен жашап, өзүнүн жумурткалары иттин жана башка жырткыч айбанаттардын заңы менен айлана чөйрөгө тарап, жалпы аймакты булгайт жана көпкө сакталат. Көпчүлүк учурда альвеококктун жетилген муунакчасы иттин жана башка жырткыч жаныбарлардын аналдык тешикчесинен өз алдынча сойлоп чыгып, жүндүн арасында соймоңдоп жүрүү менен, ошол жырткычтын терисин, жүндүн арасын көптөгөн жумурткалар менен булгайт. Ошентип, бул оорунун үй жаныбарларына, адамга жугуусуна толук шарт түзүлөт. Адамга оору ушул альвеококк жумурткалары менен булганган мөмө-жемиштерди таза жуубаган учурда, кайнатылбаган сууну ичүүдө, ит, мал менен байланыш болгондон кийин колду жуубай, жеке гигиенаны сактабаган учурда жумуртка адамдын оозуна, андан ары тамак сиңирүү органдарына кирүү менен башталат.

Ал эми айырмачылыктары боюнча айта турган болсок альвеококк жана эхинококк мите курттары бир эле тукумга кирет, бирок алар бири-бири менен түзүлүштөрү боюнча айырмаланышат. Мисалы: эхинококкоз оорусу боордо шар түрүндө акырындык менен чоңоюп жаңы төрөлгөн баланын башындай өлчөмгө жетсе, альвеококкоз оорусу акырын өсүп жүрүп олтуруп боордон башка органдарга өтүп кетүүсү менен коркунучтуу. Түзүлүшү боюнча эхинококк жана альвеококк мите курттары жыныс органдары менен бири-бири менен айырмаланат.

Бул оорунун тарыхына токтоло кете турган болсок, бул оору илгертеден эле келе жаткан оорулардын бири. Илгери эле ата-бабаларыбыз бул эхинококкоз оорусун "Кулапса", ал эми альвеококкоз оорусун «Кара сарык» деп айтып келишкен экен.

Эхинококкоз жана альвеококкоз личинкасы организмде уулу заттарды бөлүп чыгаруу менен уландырылып, бул органдардын (боор, өпкө, баш мээ ж.б) ткандарын иштешин начарлатып, кызматын аткара албай калууга дуушар кылат. Мен жогоруда айткандай, мындай оор абалдагы, өтүшүп кеткен ооруларга медицина хирургиялык жол менен гана жардам көрсөтө алат. Бул оорунун катаалдыгы, кыйынчылыгы аны айыктырууда операциядан башка айыктыруучу каражаттын жоктугунда. Өз учурунда хирургиялык жардам берилбесе адам өлүмгө учурашы мүмкүн. Анткени, альвеококкоз оорусу бир органдан башка органдарга өтүп, кетүүсү менен мүнөздөлөт (метастаз) жана бул оорунун рак оорусу менен барабар деп айтылат.

***Курсанбек Мамасалиевич, айтсаңыз, азыркы учурда республикабызда бул оорунун эпидемиологиялык абалы кандай?***

Акыркы жылдардан бери бул оорунун эпидемиологиялык абалы өтө эле оор деп айтсам жаңылышпаймын. Себеби, акыркы жылдарда эхинококкоз оорусу көбөйүп, анын ичинде альвеококкоз оорусу да өсүп, жашарып жатат.


Акыркы 3 жылда 3000ден ашуун адам эхинококкоз оорусу менен операция болуп жатышса анын ичинен 10%га жакын альвеококкоз менен операция болушкан. Көпчүлүк учурда бул оору менен жумушка жарамдуу улан-кыздар оорушкан. Ооруган адамдардын ичинен 20%га жакыны 14 жашка чейинки балдар түзөт.

Эгерде 2001-2002-жылдары республика боюнча 2 же 4төн эле каттала турган болсо, бүгүнкү күндө альвеококкоз оорусу 500дөн ашып кетти.

Эгерде эхинококк куртунун органдары жабыркатуусу боюнча сөз кыла турган болсок 85,7%ы боордо, 11,9%ы өпкөдө жана 2,39%ы башка органдарды жабыркаткан.

***Курсанбек Мамасалиевич, альвеококкоз оорусу адамга кандай жугат?***

Адамга оору ушул эхинококк жана альвеококк жумурткалары менен булганган мөмө-жемиштерди таза жуубаган учурда, кайнатылбаган сууну ичүүдө, ит, мал менен байланышта болгондон кийин колду жуубай, жеке гигиенаны сактабаган учурда жумуртка адамдын оозуна, андан ары тамак синирүү органдарына кирүү менен башталат. Мындан башка дагы адамдар итти сылап – сыйпалаган учурда, карышкырдын терисин сыйрыганда, ийлегенде, адамдын колуна эхинококк жумурткасы жугуп калат да жеке гигиенаны сактабаган учурда бул коркунучтуу митени жугузуп алууга болот. Тактап айтканда, ал организмге булганыч кол, ошондой эле жуулбаган жер-жемиштер аркылуу жугат.




**Эхинококк куртунун өнүгүп өрчүү циклы**

Анын эң негизги таркатуучу булагы болуп иттер эсептелгендиктен эң биринчи иттер менен күрөшүү зарыл. Анткени альвеококкоз менен иттер өздөрү оорушпайт, алар таркатуучу болуп жүрө берет.

Бүгүнкү күндө республикадагы паспорт алынбаган, даарыланбаган, жолбун иттерди толугу менен атып жоготуу керек.

Экинчиден, ит ээлери иттерин сөзсүз байлоодо кармоо керек жана итти жергиликтүү ветеринардык адиске каттатып паспорт алуу керек, бул болсо ошол итке жылына төрт жолу бекер дары алууга мүмкүнчүлүк берет. Ошентип ал итти жылына 4 жолу дарылоодон өткөрүп туруу керек. Иттерге альвеококкоз куртунан арылуу үчүн берилген таблеткалар бекер берилет.

Дагы айтып кете турган эң негизги маселе, итке дары берип аны 72 саат бою тамак бербей байлоодо кармап туруу керек жана ал убакыттан кийин итти өз ордуна жылдырып иттен чыккан бардык материалдарды даараткана салып же өзүнчө бөлүнгөн жерге 1 метрдей казып ошол жерге көмүү зарыл. Андан кийин ошол жерди керосин же бензин менен өрттөө керек.



**Альвеококкоз оорусун чакыруучу альвеококк куртунун өнүгүп өөрчүү циклы**

***Бул ооруга чалдыккан адамга кандай клиникалык мүнөздөмө берсе болот?***

Мен жогоруда айткандай биринчи адамга жукканда 1 жылдан 15 жылга чейин эч кандай белгилери байкалбайт. Ал адамдар башка эле оорусу менен ооруканага кайрылып УЗИге же рентгенге түшкөн учурда далилденип калат.

Бирок, мындай учурлар тилекке каршы абдан аз. Көбүнчө бир канча жылдан кийин ал мите курт чоңоюп өтүшүп, оору күчөп кеткенде кайрылышат. Мындай учурлар азыр көп кездешет.

Бул учурда дарттын биринчи белгилери мите курттун личинкасынын кайсыл органдарга жайгашкандыгына байланыштуу болот.

Көбүнчө альвеококкоз оорусуна чалдыккан адамдын органдарында альвеококк личинкасы өсүп-өөрчүп, уулу заттарды бөлүп чыгара баштайт (өпкөсү, боору, көк боору ж.б.) да ушул учурда организмге терс таасирин тийгизет, анын натыйжасында органдар чоноюп кетет.





**Альвеококкоз оорусу менен жабыркаган адамдардын боору**

Оорулуу адам акырындык менен алсырап, бат чарчап, тамакка табити тартпай, анда-санда жүрөгү айланып, кусуп, арыктай баштайт да, дарттанган органынын тушу шишик басып, ооругандыгы сезилет, ыйлаакчанын чоңдугу кээ бир учурларда кичине баланын башындай чоң болуп чоңоюп кетиши мүмкүн.

Дарттын биринчи белгилери сезиле баштаганда эле, ошол адам дароо дарыгерге кайрылуусу зарыл. Анткени дарылоо канчалык эрте башталса, ошончолук тез айыгат.

***Альвеококкоз оорусунан сактануунун эң негизги жолдору жөнүндө сөз кылсаңыз?***

Бул оорудан сактануунун эң негизгиси жолу, оорунун алдын алуу чараларын билүү зарыл. Ооруну дарылагандан көрө алдын алган жакшы эмеспи. Ошондуктан бул оорунун алдын алуунун негизги жолдору болуп:

1. Биринчиден жекече жана коомдук гигиенаны сактоо, санитардык гигиеналык эрежелерди так аткаруу, оорунун алдын алуунун эң негизги натыйжалуу жолу болуп эсептелет.
2. Оорунун негизги себеби – кир колдон болгондуктан, балдарды кичине кезинен, тамак ичээрде колду таза жууп тамактанууга үйрөтүү керек. Ошондой эле иттер менен ойногондон кийин дагы колун жуумуш эмес, сөзсүз жакшылап самындап жуушу керек.
3. Жашылчаларды жана жер жемиштерди жээр алдында таза сууга бир канча ирет тазалап жуу керек.
4. Жапайы жырткыч жаныбарлардын (түлкү, карышкыр) терисин атайын өзүнчө бөлүнгөн жерде иштетүү керек.
5. Үй иттерин – үй, талаа чычкандарынын жана суурдун эттери менен тамактандырбоо керек.
6. Үйдө баккан иттерди жылына 4 жолу дегельминтизациядан туура өткөрүү керек.
7. Ал эми үй шартында союлган малдын жабыркаган органдарын (боор, өпкө) итке бербөө, таштандыга ыргытпоо – бул эхинококкоз оорусунун таркалышына жол бербейт. Ал малдардын жабыркаган органдарын ит казып жей албагандай кылып 1 метр жерге көөмүп салуу зарыл.

***– Курсанбек Мамасалиевич, адис катары окурмандарга кеп-кеңешиңиз жана каалоо-тилегиңизди айта кетсеңиз.***

**Урматтуу калайык-калк – альвеококкоз ооруларынын өтө коркунучтуу экенин жана өтүшүп кеткенде хирургиялык жол менен дарылануга болоорун дагы бир жолу эсиңиздерге сала кетейин.**

**Өзүбүздүн жана үй-бүлөбүздүн ден соолугу өз колубузда экенин унутпаңыздар жана жогоруда айтылган альвококкоз жана эхинококкоз ооруларынан сактануунун эң негизги жолдорун туура жана так сактооңуздарды суранам. Ар дайым ден соолукта болуп, токчулук, тынчтыкта жашашыңыздарды каалаймын.**

# WORK HARD TO GET WHAT YOU LIKE, OTHERWISE YOU'LL BE FORCED TO JUST LIKE WHAT YOU GET. – РАБОТАЙТЕ УСЕРДНО, ЧТОБЫ ПОЛУЧИТЬ ТО, ЧТО ЛЮБИТЕ, ИНАЧЕ ПРИДЕТСЯ ПОЛЮБИТЬ ТО, ЧТО ПОЛУЧИЛИ. *Бернард Шоу*



Меня зовут Щинар Сания, родилась и выросла в селе Милянфан, Чуйской области. В 2013 году закончила Фармацевтический факультет в КГМА. Сейчас нахожусь в Соединённых штатах в городе Брукингс, штат Южная Дакота для обучения в магистратуре по своей же профессии в South Dakota state university. Сегодня хочу поделиться с вами историей своего успешного поступления.

Закончив КГМА, первый год я проработала в аптеке, в 2014 году устроилась работать в консалтинговую компанию Стип Оптим специалистом по регистрации лекарств. Именно с этой работы у меня просыпается интерес к зарубежным странам т.к. работа была связана с производителями лекарств со всего мира.

С 2018 года являюсь директором консалтинговой компании. Мы оказываем услуги по регистрации и фармаконадзору лекарств на территории Кыргызстана и странах СНГ.

Летом 2021 года решила продолжить свое обучение в Америке. Эта страна очень привлекла меня программами, которые предлагают ВУЗЫ, методом обучения, а также передовым оснащением классов и лабораторий, где студенты могут получить не только теоретические, но и практические навыки.

В первую очередь нужно сдать экзамен IELTS, на него уходит много времени на подготовку. Тест я успешно сдала с первой попытки и набрала необходимый балл. Отправила диплом на эвалюацию в Word Education Services, благо сейчас у нас в КГМА функционирует целый отдел, который успешно подтвердил мой диплом для этой организации.

Отдельная благодарность за рекомендательные письма моим наставникам и учителям с фармации! Сайрагуль Чыныбековна, Асель Жакшылыковна, Жылдыз Марксбековна спасибо большое за помощь и выделенное мне время!



Personal statement (Эссе) ещё один очень важный момент. Как правило в университеты поступает очень много заявок от потенциальных студентов. Например, South Dakota State University где принимает только 57% заявок. И именно Эссе это первый шанс заявить о себе.

В феврале 2022 года университет пригласил меня на интервью, а в начале марта я получила письмо о зачислении.

В июне вместе со своим супругом и двумя детьми получили учебную визу на всю семью, это был последний, но пожалуй самый главный и трудный этап. Трудность состояла в том, что мы хотели приехать всей семьёй и все агентства визовые отговаривали нас заходить на визу вместе, т.к был риск получить отказ, но я последовала своей интуиции и все у нас получилось!

Не могу сказать что есть какой-то секрет для успешного поступления, просто нужно очень серьёзно подойти к каждому шагу и качественно выполнить все требования.

Также хочу добавить, что по приезду я получила Graduate Research Assistantship и Graduate Teaching Assistantship в университете, это даёт мне право работать 20 часов в неделю, университет профинансирует моё обучение, т.е. контракт я оплачивать не буду и плюс буду получать ежемесячную стипендию. Первая работа связана с клиническими исследованиями на факультете фармации, а вторая Teaching Assistantship на факультете биологии и микробиологии буду вести практические занятия.



Своей адаптацией, опытом поступления делюсь на своей странице в инстаграм @saniya.schinar, буду рада помочь советом провизорам, которые мечтают также учиться в Соединённых Штатах.

# ТИЛ ЖАНА ЛАКАПТАР

*Адам көңүлүнөн азат,*
*Тилинен жазат.*

*Адам тилинен табат.*

*Адамга эки нерсе тирек деги, бири тил, бири дилиң жүрөктөгү.*

*Адамды шорго салган да, өлтүргөн да тил.*

*Адамдын даңкын чыгарган да – тил, тарпын чыгарган да – тил.*

*Айтсаң – тилиң күйөт, айтпасаң – дилиң күйөт.*

*Акыл сокурга көз, өлөсөргө жан, дудукка тил боло алат.*

*Алсыздын тили алты кулач.*

*Аткан ок таштан кайтпайт, элчи кандан тилин тартпайт.*

*Ачуу тил – жыландын заары. Таттуу тил – жүрөккө дары.*

*Ачуу тил – таттуу турмушту бузат.*

*Бассаң бутуңа этият бол, сүйлөсөң тилиңе сак бол.*

*Баш кесмек бар, тил кесмек жок.*

*Булбулдун мукам үнү бар, торгойдун жумшак тили бар.*

*Бутунан мүдүрүлгөн (жаңылган) турат, тилинен (оозунан) мүдүрүлгөн (жаңылган) турбайт.*

*Дили узундан түңүлбө, тили узундан түңүл.*

*Дүлөйдүн тилин дудук билет.*

*Дымак – өрдө, ооз – баатыр, тил – текебер.*

*Жайдак тилден чаң чыкпайт.*

*Жакшы – сыйлайт дили менен, жаман кыйнайт тили менен.*

*Жакынга көз жеткирет, алыска тил жеткирет.*

*Жаман тил үчүн жакшы баштан айрылыптыр.*

*Жүрөк сыры тилден чыгат.*

*Ичтегини тилден бил, тилдегини түрдөн бил.*

*Каргыштын эң жаманы: «өзүң билбе, билгендин тилин алба».*

*Катуу камчы, заар тил, оор жумуш, тузсуз аш, шордуулардын энчиси.*

*Кекечтин тилин энеси билет.*

*Кучүңдү тилиңден чыгарбай, ишиңден чыгар.*

*Тил учунан сүйлөбө, зыяны келет өзүңө.*

*Колу байлангандын тили байланбайт.*

*Колунан иш, тилинен сөз качып кутулбайт.*

*Кулактан кирген заар тил, курсакка барып муз болот.*

*Куран кудайдын тили дешет.*

*Кыйнаган да тил, сыйлаган да тил.*

*Кылыч – бирди, тил – миңди жыгат.*

*Кылыч жарасы – бүтөт, тил жарасы – бүтпөйт.*

*Кылычынан кан тамганды, тилинен бал тамган жеңиптир.*

*Макал сөз – тилдин байлыгы.*

*Мастын күчү тилинде.*

*Мокок бычак кол кесет (колдун душманы). Чоркок сөз тил кесет (тилдин душманы).*

*Молдонун тили таттуу, тилеги катуу.*

*Мытайым шайтандын тилин билет.*

*Ооз – айгак, тил – тайгак.*

*От менен суу – тили жок жоо.*

*Өзү билбес, билгендин тилин албас – тил билбеген макоо.*

*Өнөр алды – кызыл тил.*

*Өрт менен суу – тили жок жоо.*

*Тил – менин тууганым, тил – менин душманым.*

*Тил – ойдун сандыгы.*

*Тил – топчусуз, ооз – ачкычсыз.*

*Тил азар – тилге кирбейт, тилинен – өлөөрүн билбейт.*

*Тил акыйкатты табат.*

## Студент КГМА выиграл дебютный поединок на соревновании между боксерами из Узбекистана, Казахстана, Кыргызстана

В августе месяце в Жалал-Абадской области на международном турнире EFC (ertaimash fight Championship) студент 3 курса стоматологического факультета КГМА им.И.К.Ахунбаева Абибиллаев Эридан выиграл дебютный поединок в одиночном бою на соревновании между боксерами-профессионалами из Узбекистана, Кыргызстана и Казахстана.

* * *

Быйылкы жылдын август айларында Жалал-Абад облусунда өткөн EFC (ertaimash fighting championship) эл аралык турниринде, Өзбекстан, Кыргызстан, Казакстандык профессионал мушкерлер арасындагы эр-таймашта И. К. Ахунбаев атындагы КММАнын стоматология факультетинин, 3-курсунун студенти Абибиллаев Эридан дебюттук беттеште жеңишке жетти.

# АНЕКДОТЫ

Доктор дает пациенту несколько таблеток и говорит: – Вам нужно принять эти лекарства. Пациент проглатывает таблетки, после чего интересуется: – И что со мной будет? Врач невозмутимо отвечает: – Это мы и пытаемся выяснить.

* * *

Доктор спрашивает больного: – Как ваше состояние? – Спасибо, доктор. Мое состояние, благодаря вашему лечению, намного уменьшилось!

* * *

Молодой врач после института направлен проходить интернатуру в районную больницу. В первый рабочий день он обращается к завотделением с вопросом: – Что означают сокращения ИМ, ЯЖ, ЧЕЗ в историях болезни? – О, это наше ноу-хау. Чтобы не травмировать пациентов, шифруем их диагнозы: ИМ – инфаркт миокарда, ЯЖ – язва желудка… – А что означает ЧЕЗ? – Черт его знает.

* * *

Разговор в аптеке: — Мне нужны баночки для анализов. — Вам для мочи или кала? – А что, есть разница? – Есть, конечно. Если для кала – баночка с ложечкой. Голос сзади убил наповал: – Ага, а для мочи с трубочкой...

* * *

– Перестаньте убивать селедку ради шуб! – И крабов ради палочек. И докторов ради колбасы...

* * *

Начинающий врач и пациент: – Доктор, какой у меня диагноз? – У вас рак! — Вы же в прошлый раз говорили, что у меня камни?! – Ну, верно... У вас камни, а под камнями рак!

* * *

Молодая пара пришла с мужем на УЗИ. Муж нетерпеливо спрашивает: – Когда уже мне сообщат пол моего сына? Врач-узист отвлекается, смотрит на него и с улыбкой заявляет: – Пол вашего сына – девочка.

ДАРЫГЕР
КММАнын токсондук гезити
Ежеквартальная газета КГМА

Гезит бекер таратылат.
Газета распространяется бесплатно.

РЕДАКТОР
Осконалиева Раушан Атайбековна

Ответственный редактор
Дамирбек Б.

ЧЛЕНЫ РЕДАКЦИОННОГО СОВЕТА:
Ырысов К. Б. – проректор по учебной работе
Бримкулов Н. Н. – заведующий кафедрой семейной медицины/постдипломное обучение
Асаналиев Н. Д. – заместитель декана ЛДЯО
Акылбекова А. А. – преподаватель, завуч кафедры кыргызского языка
Абдыбалиева К. – доцент кафедр физики, математики, информатики и компьютерных технологий
Ибраимов А. – аспирант КГМА
Токоев Ж. К. – студент 5 курса факультета «Лечебное дело»
Мусабекова Э. Э. – студентка 5 курса факультета «Педиатрия»
Максатбеков Байырбек – студент 4 курса факультета «Стоматология»
Абышева Шахрина – студент 4 курса факультета «медико-профилактическое дело»

РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:
Бишкек ш., И. Ахунбаев көч., 92
т. 54-31-60
Адрес редакции:
г. Бишкек, ул. И. Ахунбаева, 92

«Учкун» ААКда басылды.
Отпечатано в ОАО «Учкун».
Зак. 896. Тираж 500.